категориянын ортосунда жалпылыктар кездешип, бири-бири менен тыгыз байланышта. Сөз айкашы дайыма сүйлөмдүн тизмегинде гана уюшулат. Сүйлөмдүн сырткары туруп, кээде сөз айкашы адамдарды өз ара пикир алыштыруу ишине катыша албайт. Сөз айкашындагы багыныңкы сөз экинчи орунга келип, предикаттык милдетти да аткарып калат.

**Колдонулган адабияттар:**


1. Жапаров А. Грамматическая структура словосочетаний в современном киргизском литературном языке. М., 1955
2. Жакыпов Ы. Азыркы кыргыз тилинин жөнөкөй сүйлөмүнүн синтаксиси. Ф., 1958
3. Турсунов А. Кыргыз тилиндеги этиштик сөз айкаштары. Ф., 1978


**Рецензент: ф.и.д., проф. Маразыков Т. С.**

---

**Абакирова Асель Байызбековна**

## КЫРГЫЗ ТИЛИНДЕГИ СЫН АТООЧТОР МЕНЕН ТАКТООЧТОРДУН ОКШОШТУКТАРЫ ЖАНА ӨЗГӨЧӨЛҮКТӨРҮ

**Абакирова Асель Байызбековна**

## ОСОБЕННОСТИ И СХОДСТВО ИМЕН ПРИЛАГАТЕЛЬНЫХ И НАРЕЧИЙ В КЫРГЫЗСКОМ ЯЗЫКЕ

**Abakirova Asel Baiyzbekovna**

## SIMILARITY AND FEATURES OF ADJECTIVES AND ADVERB IN THE KYRGYZ LANGUAGE

УДК 81.282 2: 811.512.154


*Бул илимий макалада кыргыз тилиндеги сын атоочтор менен тактоочтордун окшоштуктары менен жакындыктары жана өзгөчөлүктөрү менен айырмачылыктарын ачып көрсөтүүгө аракеттер жасалган.*

*В научной статье выявлены близостью и сходство, различие и особенности имен прилагательных и наречие в кыргызском языке.*

*In the scientific article the proximity and similarity, difference and features of adjectives and adverb in the Kyrgyz language.*


***Өзөктүү сөздөр:*** *грамматика, морфология, сын атооч, тактооч, даража категориясы, зат атооч, этиш ж.б.*

***Ключевые слова:*** *грамматика, морфология, имя прилагательное, наречие, категория степени сравнение, существительное, глагол и т.д.*
***Keywords:*** *grammar, morphology, adjective, adverb, category level comparison, noun, verb, etc.*

Тилдин морфологиялык системасы – бул анын грамматикалык түзүлүшүнүн сөздөрдү лексико-грамматикалык топторго, сөз түркүмдөрүнө жиктеп бириктирүү аркылуу аларга мүнөздүү грамматикалык категорияларды, сөз формаларын териштирген бөлүгү. Демек, кандай гана сөз түркүмү болбосун, ал өзүнө мүнөздүү грамматикалык категориялары болот да, белгилүү бир жалпылаштырылган грамматикалык маанини туюнтуу аркылуу бири-биринен жиктелет жана ошол жалпылык аркылуу бири-бирине биригет. Грамматикалык ушул жалпылаштырылган маани морфологиянын предмети катары сөз түркүмдөрү жана алардын өзгөрүү парадигмасын көрсөтүүчү грамматикалык категориялар аркылуу тескелет.

Сөз түркүмдөрү – грамматикада негизги орундардын бирин ээлейт. Сөз түркүмдөрү сөздөрдүн лексика-грамматикалык белгилери боюнча бири-бирине так ажыратыла турган топтору, түркүмдөрү. Сөз түркүмдөрү морфологияда каралуу менен бирге, негизинен, тилдин тарыхы менен байланыштуу изилденүүчү маселе. Анткени ар бир сөз түркүмү белгилүү бир тарыхый мезгилде пайда болуп өнүгөт. Мисалы, тил илиминде тактоочтор менен байламталар башка сөз түркүмдөрүнө караганда кийинчерээк пайда болуп өнүккөндүгү белгилүү.

Кыргыз тилиндеги сын атоочтор менен тактоочтордун окшоштуктары жана айырмачылыктары сөз түркүмдөрүнүн ичинен жетиштүү деңгээлде изилденбегендиктен жана студенттер менен морфология курсун өтүүдө талаш-тартыш маселелерди жаратып келет. Ошондуктан биз ушул макалабызда талаш-тартыш маселелерди, бир аз болсо да сын атоочтор менен тактоочтордун окшоштуктары менен айырмачылыктарын ачып көрсөтүүгө аракет жасайбыз.

*Сын атооч менен тактоочтордун окшоштуктары:*

*Тактоочтун даражалары.* Тактоочтун сын атоочко окшоштугу даража категориясынан байкалат. Даража категориясы сын атоочто бир кыйла өнүккөн болсо, тактоочто анча өнүккөн эмес. Анын үстүнө тактоочтун даражалары адатта кыймыл-аракетке тиешелүү болот. Азыркы кыргыз тилинде тактоочтун төмөнкүдөй даражалары бар экендиги байкалат:

1. Жай даража. 2. Салыштырма даража. 3.Күчөтмө даража (199-б.).

Жай даражанын өзүнө гана тиешелүү атайын тил каражаттары жок. Мына ушул белги аркылуу калган даражалардан айырмаланат. Демек, тактоочтордун жай даражасы сын атоочтун жай даражасы сыяктуу эле нөл формасында турат жана калган даражалардын жасалышына негиз болот. Бул даражаларда көбүнчө сын-сыпаттык, орун-аралык маанидеги бир катар тактоочтор турат. Алар кыймыл-аракетке мүнөздүү болгон белгини кадимки норма катары туюндурат: *тез, ылдам, ыкчам, жай, нары, бери, эрте, кеч* ж.б. Мисалы: Жаш өспүрүмдөр адатта тез чоноюп, ар нерсени ыкчам сезишет.

(*Тез, ыкчам* деген тактоочторго *кандай?* деген суроо берилет, жай даража болуп саналат).

Салыштырма даража кыймыл-аракеттин белгиси нормалдуу белгиге караганда айырмалуу экендигин билгизет. Тактооч да сын атоочтун салыштырма даражасы сыяктуу -*ыраак* мүчөсү менен жасалат. Мисалы:

Аргымактын жакшысы аз*ыраак* оттоп, көп жуушайт,

Азаматтын жакшысы аз*ыраак* сүйлөп, көп тыншайт.

Аз*ыраак* сүйлөп, көп тыңша. Бул китеп дептерден чон*ураак*.

Салыштырма даражасын бир аз күчтүү же күчсүз экендигинин маанисин дагы айкыныраак туюндуруу үчүн *саал, анча-мынча, жана* деген сыяктуу сөздөрдү колдонууга болот. Мисалы:

Ал киши *саал* нарыраак басты да, колундагы кагазга дагы бир жолу көз чаптырды (*Саал нарыраак* – тактооч, кандай? деген суроо берет. Сүйлөмдө бышыктоочтун милдеттин аткарды. -ыраак мүчөсү аркылуу салыштырма тактооч уюштурулду).

Сын атооч сыяктуу -*ыраак* мүчөсү да, суроосу да окшош. Айырмачылыгы сүйлөм мүчөсү катары эки башка милдет аткарышы.

Күчөтмө даража кыймыл-аракеттин белгисин нормадагыга караганда өтө айырмалуу экендигин туюндурат да, төмөнкүдөй жолдор менен жасалат:

- ✓ *эн, аябай, өтө* сыяктуу күчөтмө маанидеги сөздөрдүн тактоочко айкашуусу аркылуу. Мисалы: *эң ылдам, аябай бат, өтө тез, абдан кеч, аябай эрте;*
- ✓ бир эле тактоочту кайталап колдонуу аркылуу. Мисалы: *араң-араң, зорго-зорго, тез-тез.*

Мындай даража сын атоочтор сыяктуу бир эле сөздүн ар түрдүүчө өзгөрүшү аркылуу дээрлик жасалбайт. Бир эле сөздүн кайталанып колдонушу аркылуу тактоочтун күчөтмө даражасынын жасалышында дагы бир өзгөчөлүк бар. Ал алгач компоненттин чыгыш жөндөмөсүндө турушунан байкалат. Мисалы: *ачыктан-ачык, тикеден-тике, түздөн-түз* ж.б. Ошентип даража категориясы сын атооч менен тактоочко орток болгону менен таралышы, көп же аз сөздөргө тиешелүүлүгү жана жасалыш өзгөчөлүктөрү жагынан бул эки сөз түркүмүндө бири-биринен айырмаланып турат. Күчөтмө даражадагы сын атоочтор менен күчөтмө даражадагы тактоочтордун жасалуу жолдору окшош. Башкача айтканда, жогорудагыдай бөлүкчөлөр аркылуу жасалат.

Тутумунда экиден кем эмес түзүүчү негизи болгон, алар жалпысынан бир маани билгизип, сүйлөмдүн бир мүчөсү болуп кызмат аткарган тактоочтор синтаксистик жол менен жасалган тактоочтор деп аталат. Буларды татаал тактоочтор деп аталат. Татаал тактоочтор сын атооч сыяктуу кош жана кошмок болуп эки топко бөлүнөт.

*Кош тактоочтор.* Грамматикалык касиети жагынан тактоочтун өзгөчөлүгүнө ээ болгон кош сөздөр кош тактоочтор деп аталат. Булардын компоненттеринин арасына сызыкча коюлат. Мисалы: *оозмо-ооз, бетме-бет, жайды-жайлай, кышты-кыштай* ж.б.

Кош тактоочторду жасалышына карата негизинен төмөнкү түрлөргө бөлүүгө болот:

- ✓ Негиздердин кайталанышы же жупталышы менен жасалган тактоочтор: *бат-бат, тез-тез, ылдам-ылдам, өйдө-төмөн, ары-бери* ж.б.;
- ✓ Биринчи компоненти негизги формасында туруу менен жасалган тактоочтор. Мындай типтеги тактоочтордун экинчи компоненти мейкиндик жөндөмөлөрдүн формасында болот: *кез-кезде, күндө-күндө, анда-санда, андан-мындан* ж.б.;

✓ Биринчи компонентине негиз формасында, экинчи компоненти жөндөмөлөр формасында туруу менен жасалган тактоочтор. Мындай типтеги тактоочтордун экинчи компоненти мейкиндик жөндөмөлөрдүн формасында болот: *кез-кезде, аз-аздан* ж.б.;

✓ Эки компоненти тең жөндөмөлөр формасында турган тактоочтор: *кээде-кээде, күндө-күндө, анда-санда, андан-мындан* ж.б.;

✓ Биринчи компонентине **-м** мүчөсү жалганып, экинчи компоненти негиз түрүндө турган тактоочтор: *үймө-үй, көзмө-көз, жекеме-жеке, колмо-кол* ж.б.

*Кошмок тактоочтор.* Грамматикалык касиети жагынан такточтун белгилерине ээ болгон кошмок сөздөр кошмок тактоочтор деп аталат. Булардын компоненти өз-өзүнчө жазылат, да араларына эч белги коюлбай жазылат: *алда кайда, алда качан, ар качан, эч убакта, бир кезде, бир күнү, ар убак, ар дайым, эч кандай* ж.б. Мисалы: Эч убакта, эч качан, эч нерсе унутулбайт.

Кошмок тактоочтордун биринчи компоненттери катары көбүнчө *эч, бир, ар, алда* деген сөздөрү колдонулат.

*Сын атооч менен тактоочтордун айырмачылыктары:*

Сын атоочтор ***заттын*** сын-сыпатын билдирет, ал эми тактоочтор болсо, ***кыймыл-аракеттин (этиштин)*** сын-сыпатын билдирет.

1. Зат, буюм-тайым, нерсе, кубулуш, көрүнүш жана башкалардын сын-сыпатын, өңү-түсүн, даамын, тулкусун, кебетесин, көлөмүн, ченемин же башка белгилерин көрсөтүп, кандай? кайсы? деген суроолорго жооп берген сөздөрдү сын атоочтор дейбиз. Мисалы: *Бийик-бийик* тоолорго чыктым (*Бийик-бийик* – сын атооч, кандай? деген суроо берилет, тоолорго деген зат атоочтун көлөмүн, ченемин билгизди).

*Жакшы* кыз –жакадагы кундуз, *жакшы* уул – көктөгү жылдыз. *Жылуу* сөз жыланды ийининен чыгарат, *жылуу* сөз жылытат, *суук* сөз муздатат. *Жакшы, жылуу, суук* – сын атооч, кыз, жигит, сөз деген зат атоочтордон мурда келип, заттын сын-сыпатын билгизип, кандай? деген суроого жооп берди. Ушундан улам, сөз айкашындагы зат атоочко карата сын атоочтун алган ордун төмөнкүдөй көрсөтүүгө болот:

Сын атооч Зат атооч Сын атооч Зат атооч

Кандай? Ким? Кандай? Эмне?

Сын атооч дайыма зат атоочтон мурда келет, жеке, өзүнчө турса да, кандайдыр бир затка тиешелүү болгон белгини туюндурат. Белгини билгизүү – сын атоочтун касиети. Төмөнкү макалдар менен далилдейли:

*Адал* эмгек элге жеткирет, *ажаан* ит таяктан коркот. *Ак* сөз жолго чыгарат,

*кара* сөз баткакка жыгат. *Ажаан, ак, адал, кара* – сын атоочтор, эмгек, ит, сөз деген зат атоочтордун ар кандай белгилерин туюндурду.

Сын атоочту башка сөз түркүмдөгү сөздөрдөн айырмалап турган төмөнкүдөй мүнөздүү белгилери бар:

• Сын атооч сөздөр заттагы, буюмдагы, нерседеги, ар түрдүү түшүнүктөгү сапаттын, касиеттин, белгинин аз же көп, күчтүү же күчсүз, чоң же кичине экенин билдирген даража категориясы боюнча өзгөрөт: *кызыл, кызылыраак, кыпкызыл, кызгылтым, кызгылт, өтө кызыл, эң кызыл, аябай кызыл; ак, аппак, агыш, агылжын, аябай ак,*

*өтө ак, чымкый ак* ж.б.

- Сын атоочтун өзүнө гана тиешелүү куранды мүчөлөрү бар. Мисалы:

-луу: *билимдүү, сырдуу, айлуу;* -сыз*: адилетсиз, көлсүз, малсыз;* -дай*: тоодой, күндөй, оттой, суудай;* -гыч: *билгич, сезгич, тапкыч ж.б.*

*Сын атоочтордон жасалган тактоочтор.* Мындай тактоочтор төмөнкү мүчөлөрдүн жардамы менен жасалат:

-*лата* мүчөсү сын атоочтон тактоочту жасап, кыймыл-аракетти негиз аркылуу туюндурулган белги боюнча мүнөздөйт: *улуулата, кичүүлөтө, сакалдуулата.* Кымыз куюлду. *Улуулата* сунулду.

-*ча.* Бул мүчө мезгилге байланыштуу белгини билгизген кээ бир тубаса жана туунду сын атоочтордон тактоочту жасайт: *жаңыча, эскиче* (тубаса сын атоочтордон жасалды); *быйылкыча, былтыркыча, мурункуча* (туунду сын атоочтон жасалды). Мындай тактоочтор негиз аркылуу туюндурулган мезгилге окшош экендикти билгизет.

-*сын* мүчөсүнүн жардамы менен аз сандагы тактоочтор жасалган. Алар мезгилдик маанини билдирип, дээрлик түрдө *–гы* мүчөсүнүн формасындагы туунду сын атоочтон пайда болгон: *эртеңкисин, кышкысын, кечкисин, түнкүсүн, жазгысын*. Мындай тактоочтор негиз аркылуу туюндурулган мезгилге тиешелүү экендигин түшүндүрөт.

Жалпысынан, төмөнкүдөй жыйынтыктарга келүүгө болот:

Жалпы түркологияда сын атооч сөз түркүмү зат атоочтордун, тактоочтордун составында бирге каралган. Бүгүнкү күндө да так ажыратылган эмес.

*Окшоштуктары:*

- Сын атооч да, тактооч да негизги сөз түркүмдөрүнүн (маани берүүчү) курамына кирет;
- Сын атоочто да, тактоочто да даражалары бар.

*Айырмачылыктары:*

- Сын атоочтор заттын сын-сыпатын билдирет, ал эми тактоочтор болсо, кыймыл-аракеттин (этиштин) сын-сыпатын билдирет;
- Зат, буюм-тайым, нерсе, кубулуш, көрүнүш жана башкалардын сын-сыпатын, өңү-түсүн, даамын, тулкусун, кебетесин, көлөмүн, ченемин же башка белгилерин көрсөтүп, кандай? кайсы? деген суроолорго жооп берген сөздөрдү сын атоочтор дейбиз. Ал эми тактоочтор болсо, кыймыл-аракеттин сын-сыпатын билдирет. Даража категориясы сын атоочто бир кыйла өнүккөн болсо, тактоочто анча өнүккөн эмес. Анын үстүнө тактоочтун даражалары адатта кыймыл-аракетке тиешелүү болот.

**Колдонулган адабияттар:**

**1.** Абдувалиев И. Кыргыз тилинин морфологиясы. Б., 2008
2. Давлетов С. Азыркы кыргыз тилиндеги тактоочтор. Ф., 1950
**3.** Уметалиева Б.Дж. Имя прилагательное в современном киргизском языке. Ф.,1965

**Рецензент: ф.и.д., проф. Маразыков Т. С.**